10. Каржылык маселеси эң орчундуу маселе катары каралууга тийиш.
11. STEM-лабораторияларын куруу, мугалимдерге окутуу уюштуруу — бул ресурстук, каржылык талаптарды көп койгон иш.

Жалпысынан алган дүйнөлүк стандартта билим берүүгө малекетибизде орчундуу иштер аткарылууда. Демек, алга карай жылуудабыз. Жалпы билим берүүнүн өкүлдөрү жапатырмак иш алып барсак STEM багыты жакынкы жылдары жолго салынат деген ойдомун.

Колдонулган маалымат булактары:


1. https://kg.usembassy.gov/ky/the-u-s-embassy-empowers-thousands-of-english-language-and-stem-teachers-with-advanced-training/
2. https://roza.kg/ky/press-center/news/6299
3. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/girls-in-science
4. https://goodneighbors.kg/ru/news/139/
5. https://en.kabar.kg/news/science-and-english-teachers-receive-26500-laptops-in-kyrgyzstan
6. Елисей Син, Будущее детей зависит от великих учителей STEM, https://kutbilim.kg/ru/analytics/inner/buduschee-detey-zavisit-ot-velikih-uchiteley-stem
7. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_47934526_38049142.pdf


УДК 372.4 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.472

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАГЫ БАЛДАРДЫН КЕБИН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЖАҢЫЛМАЧТАРДЫ ОКУТУУНУН МААНИСИ

Тогузакова Батма Шерматовна -улук окутуучу ОшМПУ
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

# ЗНАЧЕНИЕ ОБУЧЕНИЯ СКОРОГОВОРКАМ В РАЗВИТИИ РЕЧИ ДЕТЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Тогузакова Батма Шерматовна - старший преподаватель ОшГПУ
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

# THE IMPORTANCE OF TEACHING TONGUE TWISTERS IN DEVELOPING THE SPEECH OF PRIMARY SCHOOL CHILDREN

Toguzakova Batma Shermatovna - senior lecturer, OshSPU
ORCID: https://orcid.org/0009-0008-1138-4763
toguzakovabatma@gmail.com

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын кебин өнүктүрүүдө жаңылмачтарды окутуунун мааниси каралат. Жаңылмачтар -элдик оозеки чыгармалардын бир түрү катары, тил үйрөнүүдөгү маанилүү дидактикалык курал болуп саналат. Алар баланын сөз байлыгын кеңейтүүгө, туура, так жана эркин сүйлөөгө үйрөтүүгө көмөкчү болот. Макалада жаңылмачтардын дидактикалык жана тарбиялык функциялары, аларды сабакта колдонуу усулдары, окуучунун тилдик өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу сөз болот. Мындан тышкары, жаңылмачтарды кыргыз тили, адабият жана тарбиялык иш-чараларда пайдалануунун практикалык мисалдары берилет. Изилдөөдө жаңылмачтар окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, көңүл буруу жөндөмүн жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүдө натыйжалуу экендиги белгиленет. Жыйынтыгында, жаңылмачтарды башталгыч билим берүүдө активдүү колдонуу – баланын кебин өнүктүрүүдөгү натыйжалуу ыкмалардын бири экени баса белгиленет.

***Ачкыч сөздөр***: Жаңылмачтар, башталгыч класс, эл, оозеки чыгармачылык, билим, бала, дидактика, тил, кеп, өнүгүү, активдүү, мамиле, сөз байлык, тарбия, окутуу, логика.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается значение обучения иллюстрациям в развитии речи учащихся начальной школы. Иллюстрации, как вид устного народного творчества, являются важным дидактическим средством в обучении языку. Они способствуют расширению словарного запаса ребенка, обучают правильной, точной и беглой речи. В статье рассматриваются дидактические и воспитательные функции Иллюстраций, методы их использования на уроках и их влияние на языковое развитие учащихся. Кроме того, приводятся практические примеры использования идиом в кыргызском языке, литературе и учебной деятельности. В исследовании отмечается, что идиомы эффективны в развитии логического мышления, внимания и творческих способностей учащихся. В результате подчеркивается, что активное использование идиом в начальном образовании является одним из эффективных методов развития речи ребенка.

**Ключевые слова**: Идиомы, начальная школа, народ, устное творчество, образование, ребенок, дидактика, язык, речь, развитие, активность, отношение, словарный запас, воспитание, обучение, логика.

**Abstract:** This article considers the importance of teaching ILLUSTRATIONS in the development of the speech of primary school students. ILLUSTRATIONS, as a type of folk oral works, are an important didactic tool in language learning. They help to expand the child’s vocabulary, teach correct, accurate and fluent speech. The article discusses the didactic and educational functions of ILLUSTRATIONS, methods of using them in the classroom, and their impact on the student’s linguistic development. In addition, practical examples of the use of idioms in the Kyrgyz language, literature and educational activities are given. The study notes that idioms are effective in developing students' logical thinking, attention skills and creative abilities. As a result, it is emphasized that the active use of idioms in primary education is one of the effective methods for developing a child's speech.

**Keywords**: Idioms, primary school, people, oral creativity, education, child, didactics, language, speech, development, active, attitude, vocabulary, upbringing, teaching, logic.

Кенже мектеп жашындагы балдардын кебин өнүктүрүү өтө чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. Алардын кеп байлыгын өстүрүү менен биз алардын кептик запасын байытабыз. Ошондой эле алардын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөбүз. Бул мезгилде балдар алгач дүйнөнү таанып билүү процессин кеп аркылуу үйрөнүшөт. Алардын тили да курчаган чөйрөсүнө карап калыптанаары белгилүү. Башталгыч класстарда кеп өстүрүү маселелери катары ар бир сабакта анын элементтери камтылып кетет. Кептин жазуу жана оозеки ишмердүүлүгү боюнча да негизги маселелер катары кароо жүрөт. Сөз өстүрүүдө окуучулар жазуу ишмердүүлүгүн да тең алып барышат. Булардын баарын башталгыч класстан баштап үйрөтүү эң туура маселелерден экендигине шек жок. [ 6]

Башталгыч класстарда баланын сүйлөө кеби, тилге болгон мамилеси жана түшүнүк дүйнөсү жаңыдан калыптана баштайт. Бул куракта берилген ар бир маалымат, көндүм, көнүгүү окуучунун келечектеги билим алуусунун пайдубалы болот. Окуучулардын кебин, тактап айтканда таза, так жана эркин сүйлөөсүн өнүктүрүү үчүн дидактикалык оюндар, элдик чыгармалар, ырлар, жаңылмачтар сыяктуу элементтер кеңири колдонулушу керек. . [ 5]

Жаңылмачтар — элдик оозеки чыгармачылыктын өзгөчө түрү катары башталгыч мектеп окуучусунун кебин өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Алар аркылуу балдарда туура сүйлөө, логикалык ой жүгүртүү жана көңүл буруу жакшырат. Жаңылмач — бул үн үндүүлүгүнө жана кайталанган тыбыштарга негизделген, кээде тилди "чаташтырып" жиберген сөз айкаштары. Аларды туура айтууга аракет кылуу аркылуу окуучу тил булчуңдарын машыктырат, үндү таза чыгарууга үйрөнөт.

Мисалы: Кара кашага кара кашка жүк артып,
Кара кашка кара кашага жүк тартты”
Сайдан Сайра суу алды,
Суу алганда чуу салды.
Чымчыктын чымчыгы чымчыктайбы,

Чымчыктын чымчыгы чымчымдайбы?
“Кара кашка кара ташка качып чыкты,
Кара таштан кара кашка качып түштү.
Ал аралда да марал,
Бул аралда да арал,
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал
Аттап барып алты кучак отун алдым,
Алты котур нарга артып алдым.

Бул кайсы оозу май тайлак,
Бул кайдагы сары май бал каймак
Бул оозанган оозу май тайлак,
Бул сур сары май бал каймак”,

Сыбызгычылар сыбызгысын сызгырылтат,
Сыбызгычылар сыбызгысын сызгырылтса,
Биз сыбызгыбызды сызгырылтпай,
Ким сыбызгысын сызгырылтат”. [ 3]

Жаңылмачтар — кыргыз элинин байыркы оозеки чыгармачылыгынын бир формасы катары гана эмес, ошол эле учурда башталгыч класстын окуучуларын окутууда колдонулуучу натыйжалуу дидактикалык каражат болуп саналат. Алар балдардын тилин, кебин өнүктүрүүдө, туура жана так сүйлөөгө үйрөтүүдө өзгөчө мааниге ээ. Окуу процессинде жаңылмачтарды колдонуу аркылуу окуучулар үндөрдү так айтууга, сүйлөө темпин жөнгө салууга, тыбыштык маданиятты калыптандырууга үйрөнүшөт. Мындан сырткары, жаңылмачтар баланын эсте сактоо жөндөмүн, көңүл буруусун жана логикалык ой жүгүртүүсүн да өнүктүрөт. Мугалимдер жаңылмачтарды сабакта кызыктуу формада колдонуу менен окуучунун тилге болгон кызыгуусун арттырып, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жана чыгармачылыгына өбөлгө түзүшөт. Демек, жаңылмачтар башталгыч билим берүүдө балдардын кебин өнүктүрүүчү табигый, элдик жана тарбиялык күчкө ээ болгон баалуу дидактикалык материал катары колдонулат. [ 4]

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы — балдардын тил маданиятын калыптандырууда, кебин өнүктүрүүдө зор роль ойнойт. Анын ичинен жаңылмачтар — элдик акылмандыктын, тилдик өнөрдүн жана чыгармачылыктын бай үлгүсү. Өзгөчө башталгыч класстарда тил үйрөтүүдө жаңылмачтар окуучулардын сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууда маанилүү дидактикалык курал катары колдонулат. Бул макалада жаңылмачтардын дидактикалык функциялары, аларды сабакта колдонуу жолдору жана практикалык мааниси каралат. [ 1]

Жаңылмач — кайталанган, окшош тыбыштардан турган, айтууга татаал, бирок мааниси терең сөз айкаштары. Алар тил булчуңдарын машыктырууга, үндөрдү так айтууга үйрөтөт. Баланын туура сүйлөөсү, угуп түшүнүүсү жана оюу менен оюн байланыштырып айта алышы — жаңылмачтар аркылуу калыптанат. Жаңылмачтар аркылуу дидактикалык функцияларды аткарылат.Эң биринчи балдардын тыбыштык маданияттары калыптанат, башкача айтканда, айрым тыбыштарды (с, ч, т, к, ж ж.б.) так айтууга үйрөнүшөт. Сүйлөө көндүмдөрү өнүгүп, эркин жана так сүйлөөгө өбөлгө түзүлөт. Балдар сөздөрдүн маанисин түшүнүү аркылуу логикалык ой жүгүртүүгө көнүгүшөт. Жаңылмачтарды жаттоо аркылуу балдардын эс тутуму калыптанат. Жаңылмачтар оюн-зоок түрүндө берилгендиктен, сабакка кызыгууларын арттырат жана окуучуларды окутуу процессине жигердүү катышууга шыктандырат. Мугалим жаңылмачты сабактарда төмөнкүдөй методдор менен колдонсо натыйжалуу болот:

- Көп кайталоо – Окуучулар жаңылмачтарды бир нече ирет кайталашып, туура айтууга машыгышат. Бул – көндүмдү бекемдейт.

- Топ менен жарыш – Ким туура жана тез айтат? Оюн түрүндөгү форма окуучулардын активдүүлүгүн арттырат.
- Иллюстрация менен иштөө – Жаңылмачтардагы предметтерди сүрөттө көрсөтүү (мисалы, кашка, каша, жүк) маанини түшүнүүгө жардам берет.
- Аудио менен угуу – Үн жазууларды угуп, туура айтууга көнүгүү.
- Жаңылмачты жарат – Окуучулар өздөрү жаңылмач ойлоп табышат. Бул чыгармачылыкты жана тилдик активдүүлүктү өстүрөт. [2]

Жаңылмачтар — бул жөн гана тил үйрөтүүчү материал эмес, баланын кебин, ой жүгүртүүсүн жана көңүлүн активдештирүүчү дидактикалык курал. Сабакта жаңылмачтарды туура, системалуу колдонуу менен мугалим баланын тилдик жөндөмүн эрте курактан өнүктүрө алат. Элдик чыгармачылыктын бул түрү аркылуу балдар эне тилине болгон кызыгуусун арттырып, жаратмандык менен ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт. Ошондуктан, жаңылмачтарды башталгыч класстын окутуу-тарбия процессине активдүү колдонуу сунушталат.Мугалим жаңылмачтарды туура тандоо жана эффективдүү колдонуу менен окуучунун жигердүүлүгүн арттыра алат, жана бул алардын тилди туура үйрөнүүсүнө чоң өбөлгө болот. Башталгыч класстын окуучулары үчүн жаңылмачтар тилдин табиятын таанып-билүүгө, үндөрдү туура айтууга, сөздөрдү так колдонууга чоң жардам берет. Сабакта жаңылмачтарды туура жана максаттуу пайдалануу окуучунун өз оюн так жана логикалуу айтуусуна, угуп түшүнүү жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мындан сырткары, жаңылмачтар баланын эне тилине болгон кызыгуусун арттырып, элдик чыгармачылыкка болгон урмат-сыйын калыптандырат. Ошондуктан, мугалимдер жаңылмачтарды окуу-тарбия процессинде активдүү жана системалуу колдонсо, бул баланын тилдик жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө зор салым кошот.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз элдик оозеки чыгармалар жыйнагы – Бишкек: 2010
2. Сатыбалдиева Т. «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» – Бишкек, 2015
3. Ибраимова А. «Балдардын кебин өнүктүрүүдө элдик чыгармачылыктын ролу» – Илим, 2020
4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү стандарттары жана 1–4-класстар үчүн методикалык колдонмолор
5. Башталгыч класстардын программалары. -Б.,2000,
6. Выготский, Л. С. (1998) Мышление и речь: Избранные психологические исследования– Москва

**УДК: 37.013.5**

## БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫН РУХАНИЙ-АДЕПТИК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

Умарова Рита Нурдиновна - п.и.к., доцент, ОшМПУ
ORCID: - 0009-0002-9780-6424
e-mail: Umarovarita@bk.ru

## ПУТИ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Умарова Рита Нурдиновна - к.п.н., доцент, ОшМПУ
ORCID: - 0009-0002-9780-6424
e-mail: Umarovarita@bk.ru